3. Алексеева Н. А. Международные инвестиции и экономическое сотрудничество России с государствами СНГ. – Москва: Издательство РАН, 2020.
4. Иванов С. В. Инвестиционная политика России в Центральной Азии: опыт и перспективы // Международная экономика. – 2021. – № 4. – С. 45–58.
5. Кыргызско-Российский фонд развития. Отчёт о деятельности фонда за 2017–2024 гг. – Бишкек, 2024.
6. Назаров А. Б. Экономическое развитие Кыргызстана и роль иностранных инвестиций. – Бишкек: Издательство КНУ, 2019.
7. Турсунов Д. Т. Развитие международной торговли и инвестиционных потоков в Центральной Азии. – Бишкек, 2021.

Рецензент: кандидат экономических наук, доцент Эрмекова А.Ш.

УДК 32:351/352
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-431-439

Сатыбалдиева А.К., Сапарбаева А.К.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Сатыбалдиева А. К., Сапарбаева А. К.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Satybaldieva A. K., Saparbaeva A. K.
KNU Jusup Balasagyn

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА МУНИЦИПАЛДЫК АЙМАКТЫК БАШКАРМАЛЫКТАРДЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ (БИШКЕК ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫНЫН МИСАЛЫНДА)
ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ МУНИЦИПАЛЬНЫХ ТЕРРИТОРИАЛЬНЫХ УПРАВЛЕНИЙ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ (НА ПРИМЕРЕ МЭРИИ ГОРОДА БИШКЕК)
ACTIVITIES OF MUNICIPAL TERRITORIAL ADMINISTRATIONS IN THE KYRGYZ REPUBLIC (BASED ON THE EXAMPLE OF THE BISHKEK CITY MAYOR'S OFFICE)

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык аймактык башкармалыктарынын ишмердүүлүгү каралат. Изилдөөнүн максаты – шаардык бийлик органдары менен калктын ортосундагы байланыш катары муниципалдык аймактык башкармалыктардын ролун талдоо жана алардын ишинин натыйжалуулугуна таасир этүүчү факторлорду аныктоо. Макалада муниципалдык аймактык башкармалыктардын түзүлүшү, ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздери, негизги функциялары жана ыйгарым укуктары талданат. Алардын мэриянын чечимдерин аймактык деңгээлде ишке ашыруудагы, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен коомчулуктун ортосундагы өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуудагы, ошондой эле коммуналдык жана социалдык кызматтардын ишин координациялоодогу ролуна көңүл бурулат. Мындан тышкары, муниципалдык аймактык башкармалыктарды реформалоо маселелери, алардын ишмердүүлүгүндөгү учурдагы көйгөйлөр каралып, иштин натыйжалуулугун жогорулатуу, кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу, материалдык-техникалык шарттарды жана санариптик башкарууну жакшыртуу боюнча сунуштар берилет.

Аннотация: В данной статье рассматривается деятельность муниципальных территориальных управлений мэрии города Бишкек. Цель исследования – проанализировать роль муниципальных территориальных управлений как связующего звена между органами городской власти и населением, а также определить факторы, влияющие на эффективность их деятельности. В статье рассматриваются

структура муниципальных территориальных управлений, правовые основы их деятельности, основные функции и полномочия. Особое внимание уделяется их роли в реализации решений мэрии на территориальном уровне, обеспечении взаимодействия органов местного самоуправления с населением, а также координации работы коммунальных и социальных служб. Кроме того, рассматриваются вопросы реформирования муниципальных территориальных управлений и существующие проблемы их деятельности. Предлагаются меры по повышению эффективности работы, повышению квалификации сотрудников, улучшению материально-технических условий и развитию цифрового управления.

Abstract: This article examines the activities of the municipal territorial administrations of the Bishkek City Mayor's Office. The purpose of the study is to analyze the role of municipal territorial administrations as a link between city authorities and the population and to identify factors affecting the effectiveness of their activities. The article examines the structure of municipal territorial administrations, the legal framework for their activities, and their main functions and powers. Particular attention is paid to their role in implementing decisions of the Mayor's Office at the territorial level, facilitating interaction between local self-government bodies and the population, and coordinating the work of public utilities and social services. In addition, the article considers issues related to the reform of municipal territorial administrations and the current challenges they face. Measures are proposed to improve operational efficiency, enhance staff qualifications, strengthen material and technical resources, and develop digital governance.

Негизги сөздөр: жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары; муниципалдык аймактык башкармалык; мэрия; Бишкек шаары; муниципалдык башкаруу; санариптик башкаруу; социалдык кызматтар; реформа.

Ключевые слова: органы местного самоуправления; муниципальное территориальное управление; мэрия; город Бишкек; муниципальное управление; цифровое управление; социальные услуги; реформа.

Keywords: local self-government bodies; municipal territorial administration; Mayor's Office; Bishkek; municipal governance; digital governance; social services; reform.

Кыргыз Республикасынын борбор калаасынын динамикалуу өсүшүнө байланыштуу калктын жыштыгы жогорулап, социалдык-экономикалык процесстер татаалдашып жаткан шартта Бишкек шаарынын муниципалдык аймактык башкармалыктарынын ролу өзгөчө мааниге ээ. Бишкек шаары Кыргызстандын эң ири саясий, экономикалык жана маданий борбору болгондуктан, шаардык кызматтарга оор жүк түшөт жана муниципалдык жана аймактык деңгээлдерде натыйжалуу башкаруу системасын талап кылат. Макаланын максаты – шаардык бийлик органдары менен калктын ортосундагы ортомчу байланыш катары муниципалдык аймактык башкармалыктардын ролун комплекстүү талдоо жана алардын иштешинин натыйжалуулугуна таасир этүүчү факторлорду аныктоо. Изилдөөнүн объектиси Бишкек шаарынын муниципалдык аймактык башкармалыктарынын ишмердүүлүгү болуп саналат.

Миграциялык агымдар, транспорттук тыгындар, жашоо үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү, коопсуздукту сактоо, жер ресурстарын коргоо жана шаардык инфраструктураны өнүктүрүү сыяктуу заманбап көйгөйлөр жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен коомчулуктун ортосундагы комплекстүү координациялоо механизмдерин талап кылат. Аймактык башкаруу органдары бул көйгөйлөрдү чечүүдө, муниципалдык саясатты түздөн-түз жергиликтүү деңгээлде ишке ашырууну камсыз кылууда маанилүү роль аткарары белгилүү.

Учурда ачык-айкындуулукту жогорулатуу, муниципалдык кызматтарды санариптештирүү, тургундар менен өз ара аракеттенүүнү күчөтүү жана уюштуруу процесстерин жөнөкөйлөтүү артыкчылыктуу багыттарга айланууда. Андыктан Бишкек шаарынын аймактык башкармалыктарынын ишмердүүлүгүн ар тараптан талдоо актуалдуу болуп саналат. Алардын ишмердүүлүгүн изилдөө учурдагы көйгөйлөрдү аныктоого, башкаруу чечимдеринин натыйжалуулугун баалоого жана борбор калаада муниципалдык башкарууну жакшыртуу жолдорун сунуштоого мүмкүндүк берет.

2008-жылдын июнь айында борбор калаа Бишкекте аймактык коомдук өз алдынча башкаруунун (ТОС) мамлекеттик жана административдик функцияларын бөлүү жүргүзүлүп, жаңы аймактык башкаруу түзүмдөрү – муниципалдык аймактык башкармалыктар (мындан ары – МАБ) түзүлгөн. Алар өздөрүнүн карамагындагы аймактарда жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан өз компетенцияларынын чегинде берилген функцияларды аткарууга багытталган. Муниципалдык аймактык башкармалыктарды өркүндөтүү жана андан ары өнүктүрүү максатында Бишкек шаардык кеңешинин 2011-жылдын 17-майындагы токтому кабыл алынган. Ал МАБдардын ишмердүүлүгүнүн жана укуктук статусунун жалпы тартибин белгилеген. МАБдар өз ишин «Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык аймактык башкармалыктары жөнүндө» типтүү жобого ылайык жүргүзөт. Анын негиздөөчүсү – борбор калаанын мэриясы. МАБдар турак жай имараттарынын, кварталдардын, көчөлөрдүн, турак жай комплекстеринин жана кичи райондордун табигый чектериндеги калк жашаган аймактарда жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн түзүлгөн. МАБдар райондук муниципалдык администрацияларга отчёт берет [1].

Бишкек шаарынын паспортуна ылайык, райондор 32 МАБга бөлүнгөн:

– Ленин району – МАБ № 101, 102, 103, 104, 105, 106, 107, 108, 109;

– Биринчи Май району – МАБ № 201, 202, 203, 204, 205, 206, 207, 208;

– Свердлов району – МАБ № 301, 302, 303, 304, 305, 306, 307, 308;

– Октябрь району – МАБ № 401, 402, 403, 404, 405, 406, 407.

МАБдын аймагында кварталдык жана үй комитеттери иштейт. МАБдын түзүмүнө 10 кызматчы кирет: 8 муниципалдык кызматчы, 1 ТОП жана 1 МОП [2].

Таблица 1. Муниципалдык аймактык башкармалыктын кызматкерлеринин түзүмү

Аталышы	Кызматчылардын саны
Башкармалыктын башчысы	1
Башчынын орун басары	1
Башкы адис	2
Жетектөөчү адис	2
Адис	2
Техникалык тейлөө кызматкери (ТОП)	1
Кенже тейлөө кызматкери (МОП)	1
Бардыгы	**10**

МАБ коммуналдык кызматтар жана менчиктин ар кандай түрүндөгү юридикалык жактар менен болгон мамилелерин келишимдик негизде түзө алат. Андан тышкары, МАБ мамлекеттик бийлик органдарынын аймактык бөлүмдөрү, Бишкек шаарынын мэриясынын түзүмдүк бөлүмдөрү, коомдук өз алдынча башкаруунун ар кандай формалары, менчигинин түрүнө карабастан юридикалык жактар жана анын карамагындагы аймактын тургундары менен кызматташып, Бишкек шаарынын мэриясынын, райондук администрациянын жана өзүнө бекитилген аймактын тургундарынын кызыкчылыктарын коргойт.

Муниципалдык аймактык башкармалык өз иш-аракетин төмөнкү принциптердин негизинде жүзөгө ашырат:

1. Бишкек шаарынын мэриясынын башка ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрү менен функцияларды жана ыйгарым укуктарды чектөө;
2. Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациясынын алдында отчёт берүү;
3. ведомстволук аймактын жергиликтүү жамаатынын мүчөлөрүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого көмөк көрсөтүү;

4. социалдык адилеттүүлүк, иштеги айкындуулук жана ачыктык, коомдук уюмдар жана ведомстволук аймактын калкы менен тыгыз өз ара байланышуу;

5. чогулуштарда, жыйналыштарда жергиликтүү маанидеги маселелерди талкуулоого ведомстволук аймактын жергиликтүү жамаатынын мүчөлөрүн жигердүү катышууга тартуу [2].

«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул аны менен кесипкөй алектенгендер үчүн бүтүндөй бир дүйнө. Бирок бул ошол эле кезде ар бир жаран үчүн күнүмдүк жашоо, себеби жергиликтүү өз алдынча башкаруу адамдардын турмуш шартын түзөт, алар биринчилерден болуп адамдын, үй-бүлөнүн, үйдүн, көчөнүн, айылдын же шаардын көйгөйлөрүнө жана керектөөлөрүнө жооп кайтарууга тийиш. Ушундай көз караштан алганда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу – мамлекеттик түзүлүштүн көп кырдуу чөйрөсү, убакыттын жана мейкиндиктин чекити, бул жерде баары бар: жарандардын муктаждыктары, башкаруу органынын ыйгарым укуктары жана жоопкерчилиги, ресурстардын болушу же жоктугу, ар кандай кызыкчылыктар», – деп жазат «Муниципалитет» журналынын башкы редактору Надежда Добрецова [5, 2-б.].

Автордун белгилөөсүндө, 2024-жылы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жергиликтүү коомчулуктар үчүн негизги жаңылыктардын бири Министрлер Кабинетинин 2024–2027-жылдарга карата Кыргыз Республикасында «Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү» программасын бекиткени болуп саналат. Дал ушул программанын алкагында калктын көптөн күткөн мүдөөлөрү аткарылышы керек [4].

МАБдар чакан курам менен бир катар маанилүү иштерди аткарып келишет. Мындан тышкары, шаар тургундары үчүн бул органдардын ишмердүүлүгү көнүмүш болуп калган. МАБдар күнүмдүк кеңсе иштеринен тышкары, ишембиликтерди уюштуруу, пенсионерлерге жана ардагерлерге белектерди таратуу, аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө гуманитардык жардамдарды бөлүштүрүү, аймактардагы жарнамалык белгилерди текшерүү үчүн рейддерди жүргүзүү сыяктуу көптөгөн иштерди аткарышат.

Акыркы мезгилдерде «жамаат» деген түшүнүк коомчулукта кеңири жайылууда. Жамааттар – жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруунун формасы. Ал жергиликтүү маанидеги иштерди биргелешип чечүү үчүн жана өз жоопкерчилиги алдында бир көчөнүн, кварталдын, айылдын же шаардын башка аймактык түзүлүшүнүн аймагында жашаган жергиликтүү жамаат мүчөлөрүнүн ыктыярдуу бирикмеси болуп саналат. Жамааттар бийлик менен элдин ортосунда байланыштыруучу ролду аткарып келишет. Социалдык маселелер менен катар коомдук-саясий процесстерге да катыша алышат [8, 123-б.].

МАБдар көп кабаттуу имараттардын чатырларын, подъезддерин, турак жай аймактарындагы канализация системаларын оңдоо жана түзөө иштерине көмөктөшүп, стимулдук жана биргелешкен гранттык каражаттарды тартуу менен коомдук өз алдынча башкаруунун түрлөрүн ишке ашырып келишет. Мындай иштерди аткаруу үчүн 2020-жылдарга чейин жыл сайын ар бир районго Бишкек шаарынын жергиликтүү бюджетинен 5 миллион сом бөлүнүп турган. Каражаттын элүү пайызын көп кабаттуу үйлөрдүн тургундары өздөрү чогултушкан, ал эми МАБдардын жетекчилери гранттык комиссиянын мүчөлөрү катары артыкчылыктуу багыттарды жана аларга бөлүнүүчү гранттардын суммасын аныктап турушкан [6].

Белгилей кетүүчү нерсе, коронавирус пандемиясы учурунда дарыгерлердин, күч түзүмдөрүнүн кызматкерлеринин жана волонтерлордун эмгеги менен катар МАБ кызматкерлери да жергиликтүү аймактарда маанилүү иштерди аткарышкан. Пандемиянын оор күндөрүндө, карантиндик чектөөлөргө карабастан, МАБдардын кызматкерлери юридикалык жана жеке жактардан келип түшкөн гуманитардык жардамдарды бөлүштүрүүгө, аларды конуштардагы тургундарга жеткирүүгө жана медициналык дары-дармектерди ташууга катышкан. МАБ кызматкерлеринин пандемия учурундагы мындай эмгегин да белгилеп кетүү зарыл.

Айрым учурларда басма сөз булактарында МАБдардын ишмердүүлүгү шайлоо өнөктүктөрү үчүн гана уюштурулган деген пикирлер кездешет. Бирок мыйзам боюнча муниципалдык кызматчылардын шайлоо иштеринде кызматтык абалынын артыкчылыктарын пайдаланууусуна тыюу

салынган. Бул тууралуу 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамынын 15-беренесинде «...референдумдун жана шайлоо өнөктүктөрүнүн мезгилинде кызмат ордунун же кызматтык абалынын артыкчылыктарын жана административдик ресурстун башка түрлөрүн пайдаланууга тыюу салынат» деп белгиленген [3]. Ошол эле учурда МАБдар шайлоо иштеринен толугу менен четтетилген эмес. Тиешелүү жободо алар шайлоолорду, референдумдарды, бардык деңгээлдеги депутаттардын шайлоочулар менен жолугушууларын уюштуруу боюнча иштерде жана коомдук пикирди сурамжылоодо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына көмөк көрсөтөрү, ошондой эле шайлоочулардын тизмеси боюнча маалыматтардын толуктугу үчүн жооп берери белгиленген.


Муниципалдык аймактык башкармалыктардын ыйгарым укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн шарттуу түрдө төмөнкүдөй категорияларга бөлүп карооо болот:

Таблица 2. Муниципалдык аймактык башкармалыктардын негизги ыйгарым укуктары жана мүмкүнчүлүктөрү

№	МАБдардын мүмкүнчүлүктөрү жана укуктары	Иш-чаралар
1	**Саясий мүмкүнчүлүктөр**	– ведомстволук аймактын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышат; – жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө мамлекеттик бийлик органдары менен өз ара аракеттенет; – администрациялык району боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациясына жана Бишкек шаарынын мэриясына, ошондой эле Башкармалыктын карамагына кирген маселелер боюнча мамлекеттик органдарга, менчиктин ар кандай түрүндөгү ишканаларга, уюмдарга жана мекемелерге сунуштарды киргизет; – администрациялык району боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациясы менен макулдашуу боюнча белгиленген тартипте каттоодон өткөн аймактык коомдук жергиликтүү өз алдынча башкаруунун субъекттерине өз функцияларынын жана ыйгарым укуктарынын бөлүгүн келишимдик негизде өткөрүп берет; – шайлоолорду, референдумдарды, бардык деңгээлдеги депутаттардын шайлоочулар менен жолугушууларын уюштуруу боюнча иште жана коомдук пикирди сурамжылоодо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына көмөк көрсөтөт; шайлоочулардын тизмеси боюнча маалыматтардын толуктугу үчүн жооп берет.
2	**Экономикалык мүмкүнчүлүктөр**	– администрациялык району боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациясына керектөөчүлөр рыногу жана кызмат көрсөтүүлөр тармагын, шаардык транспорттун каттамдык тармагын өнүктүрүү, анын кыймыл ыраатмасы жана ведомстволук аймакта келип чыккан башка маселелер боюнча сунуштарды киргизет; – белгиленген тартипте акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтөт.
3	**Социалдык мүмкүнчүлүктөр**	– мамлекет, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ар түрдүү фонддор, юридикалык жана жеке жактар тарабынан бөлүнгөн каражаттардын эсебинен Бишкек шаарынын аз камсыз болгон жана

		жеңилдик алууга укугу бар тургундарына даректүү социалдык жардам көрсөтүү боюнча иштерди уюштурууга катышат; – шаардык кызматтар менен биргеликте жашаган жери боюнча балдар, өспүрүмдөр, жаштар жана алардын үй-бүлөлөрү менен иштөөнү уюштурат жана балдар, өспүрүмдөр жана жаштар менен жашаган жери боюнча социалдык-педагогикалык жана бош убакытты өткөрүү иштерин жүргүзгөн клубдардын жана борборлордун иш-аракеттерин контролдоону жүзөгө ашырат.
4	**Укук коргоо мүмкүнчүлүктөрү**	– ведомстволук аймакта коомдук тартипти сактоодо укук коргоо органдарына көмөк көрсөтөт; – Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык укук бузуулар жөнүндө иштерди кароого ыйгарым укуктар берилген аксакалдар сотторунун, райондук комиссиялардын кароосуна материалдарды жөнөтөт.
5	**Чарба иштерин жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрү**	– аймактык коомдук өз алдынча башкаруунун субъекттерине чарба жүргүзүүчү субъекттер менен турак жай фондун оңдоого жана техникалык тейлөөгө келишимдерди түзүүдө көмөк көрсөтөт; – ведомстволук аймакты көрктөндүрүү, санитардык тазалоо, жашылдандыруу, жарыктандыруу, бак-даракгарды сугаруу жана турак жай-коммуналдык чарбанын иштешине тиешелүү башка маселелер боюнча иштердин аткарылышын контролдоону жүзөгө ашырат; – башкармалыкка өткөрүп берилген Бишкек шаарынын муниципалдык менчик объекттерин ыкчам башкарууну жүзөгө ашырат; – кварталдык жана үй комитеттеринин коммуналдык кызматтар жана менчиктин ар кандай түрүндөгү уюмдар менен калкка кызматтарды көрсөтүү боюнча өз ара аракеттенүүсүн камсыздайт; – үй жана кварталдык комитеттер менен биргеликте жер төлөлөрдүн, чатырлардын, подъезддердин жана үй ээликтеринин жалпы абалын, жер, ландшафт жана курулуш иштеринин, жолдорду жана инженердик тармактарды куруу жана оңдоо боюнча иштердин жүргүзүлүшүн, эксплуатациялык уюмдар тарабынан жылуулук, электр, суу жана газ менен жабдуу тармактарынын, лифт чарбасынын ишиндеги авариялардын жана бузулуулардын жоюлушун контролдоону жүзөгө ашырат.
6	**Билим берүү менен байланышкан мүмкүнчүлүктөр**	– бардык балдарды жана өспүрүмдөрдү окутуу менен камтууну камсыз кылуу үчүн мектепке чейинки жана мектеп жашындагы балдарды эсепке алууда билим берүү уюмдарына көмөк көрсөтөт.
7	**Техникалык мүмкүнчүлүктөр**	– ведомстволук аймакта маалыматтык базаларды түзөт жана жаңыртат.

1-диаграмма. МАБдардын негизги мүмкүнчүлүктөрү боюнча иш-чаралардын саны



Жогорудагы көрсөткүчтөрдөн МАБдардын эң көп ыйгарым укуктары саясий-уюштуруучулук жана чарбалык функциялар менен байланыштуу экендиги көрүнүп турат. Демек, эксперттер белгилегендей, аймактык башкармалыктар муниципалитеттин баштапкы деңгээлинде калкка эң жакын орган катары жергиликтүү өнүгүү үчүн чоң мааниге ээ.

Өлкөбүздө жүргүзүлүп жаткан административдик-аймактык реформанын алкагында МАБдар жөнүндө да сөз болгон. 2023-жылы мэрия жергиликтүү аймактык башкармалыктардын ролун, формасын жана санын олуттуу түрдө өзгөртө турган реформаны пландаштырып жатканы тууралуу басма сөз булактарында айтылган. Алгач реформа Свердлов районунда пилоттук режимде башталгандыгы да белгилүү. Бирок айрым себептерден улам азырынча реформа токтоп турат. Ошол реформанын маани-мазмунуна да кыскача токтоло кетүүгө болот.

Реформанын расмий максаты – Бишкек шаарынын мэриясынын ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрүнүн ишин оптималдаштыруу жана натыйжалуулугун жогорулатуу. Башкаруу деңгээлдеринин ортосундагы мамилелерди тартипке келтирүү, чечим кабыл алууну элге жакындатуу жана мэриянын стратегиялык маселелерди чечүүгө багытталган ишин жеңилдетүү каралган.

Тагыраак айтканда, шаардык башкармалыктар жашоочулар үчүн маанилүү кызматтарды уюштурууга өздөрү жооптуу болушат. Мисалы, асфальт төшөө үчүн керектүү компаниянын кызматтарын өздөрү тандай алышат. Эгерде көрсөтүлгөн кызмат жашоочуларды канааттандырбаса, шаардык башкармалыктар ал компания менен келишимди бузуп, ишти башка компанияга берүү укугуна ээ болушат. Шаардык башкармалыктар тургундардын суроо-талаптарына жана кайрылууларына өздөрү жооп беришет, ал эми бүгүнкү күндө МАБдар көпчүлүк учурларда суроо-талаптарды райондук администрацияларга же мэрияга жөнөтүшөт. Айрым маалымат булактарында МАБдар диспетчерлердин гана ролун аткарып жатканы, анткени көйгөй менен кайрылган жарандарды тиешелүү даректерге гана багыттап жатканы тууралуу пикирлер айтылат. Ал эми шаардык башкармалыктар түзүлсө, тургундардын көйгөйлөрүн өз алдынча чечүүгө толук мүмкүнчүлүк түзүлөт деген пикирлер бар.

Иш жүзүндө алганда, эки баскычтуу башкаруу деңгээлинин ордуна бир баскычтуу башкаруу системасы түзүлөт, башкача айтканда, бүгүнкү күндө иштеп жаткан райондук администрациялар менен МАБдар бириктирилип, алардын ордуна шаардык башкармалыктар түзүлөт. Бул төрт райондук администрациянын жана 32 муниципалдык аймактык башкармалыктын ордуна Бишкек шаарында болжол менен 12 шаардык башкармалык түзүлөт дегенди билдирет. Алардын ар биринде калктын саны болжол менен 90 000–100 000 адамды түзөт. Шаардык башкармалыктар көбүрөөк ыйгарым укуктарга ээ болуп, муниципалдык аймактык башкармалыктарга караганда каржылык жактан көз карандысыз жана райондук администрацияларга салыштырмалуу шаар тургундарына жакын болот. Демек, мындай реформанын натыйжасында райондук администрациялар жоюлушу мүмкүн. Борбордук Азия боюнча Ханнс Зайдель фондунун жетекчиси, доктор Макс Георг Майер өз сөзүндө мындай система Берлинде

колдонуларын, ал жакта мурда МАБдарга окшош органдар иштеп, натыйжалуулугун көрсөтө албагандыктан жоюлуп, алардын ордуна 12 муниципалдык аймак түзүлгөнүн белгилеген [7].

Ал ортодо борбор калаабыз Бишкек шаары олуттуу өзгөрүүлөргө бет алды. Соңку жылдары жолдорду оңдоо иштери тездик менен жүргүзүлүүдө. Бишкекте 2025-жылга карата 13 борбордук көчөдө жолдорду капиталдык оңдоо иштери пландаштырылган, бүгүнкү күндө алардын 12синде иштер толугу менен аяктады. Мындан тышкары, жаңы жол трассалары салынып жатат. Ипотекалык үйлөр, мектептер, бала бакчалар, мамлекеттик имараттар салынып, курулуш иштери улануда. Ошондой эле өлкөдө акыркы отуз жылда биринчи жолу таштанды иштетүүчү завод курулуп, ишке кирди. Бул көп жылдар бою таштанды полигонунан экологияга зыяндуу заттардын абага таралышы менен байланышкан көйгөйлөрдү чечүүгө өбөлгө түзөт.

Азыркы учурда МАБдар мурдагыдай эле тартипте ишмердүүлүгүн улантууда. Жогоруда белгиленгендей, шаар боюнча 32 МАБ иштейт. Бишкек шаарынын мэриясынын райондук администрациялары тарабынан бекитилген чыгымдар сметасына ылайык, шаардык бюджеттин каражаттарынын эсебинен МАБ кызматкерлеринин эмгек акылары кыйла жогорулап, кадрдык курамы да көбөйтүлдү. Мындай өзгөрүүлөр мамлекеттик деңгээлдеги ири реформалардын алкагында жүргүзүлүп жаткандыгы менен түшүндүрүлөт.

Бирок дагы деле чечиле элек көйгөйлөр бар. Жол тыгындары, абанын булганышы, коомдук транспорттун санын көбөйтүү боюнча аракеттерге карабастан, шаардын чет жакаларына каттамдардын жетишсиздиги тургундардын нааразычылыгын жаратууда. Мындай маселелерди чечүүдө муниципалдык аймактык башкармалыктардын жоопкерчилиги да жогорулайт.

Демек, жогоруда айтылгандай, муниципалдык аймактык башкармалыктардын ишмердүүлүгүн талдоонун негизинде алардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасында маанилүү роль ойной тургандыгын, шаардык бийлик менен коомчулуктун ортосундагы негизги байланыштыруучу звено катары кызмат кыларын белгилөөгө болот. Бирок алардын потенциалы толук пайдаланылбай жаткандыгын айрым эксперттер белгилеп келишет. Андыктан төмөнкүдөй сунуштар берилет:

– 2023-жылы МАБдарды реформалоо боюнча көтөрүлгөн демилгелерди Бишкек шаардык кеңешинде жана мэрияда кайрадан карап, бүгүнкү күндүн талабына ылайык чечимдерди кабыл алуу;

– МАБдардын ишин жакшыртуу жана кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу максатында Бишкек шаарынын мэриясынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу бөлүмү тарабынан мезгил-мезгили менен окутуу семинарларын өткөрүү;

– МАБдардын ишин жакшыртуу жана алдыңкы тажрыйбалар менен бөлүшүү үчүн шаардын жана райондун ар кайсы аймактарында көчмө семинарларды өткөрүү;

– муниципалдык кызматкерлерди жумушка алууда бардык стандарттарды, эрежелерди, жоболорду жана мыйзамдардын талаптарын сактоо менен конкурстук тандоону камсыз кылуу;

– муниципалдык аймактык башкармалыктардын иштеши үчүн зарыл шарттарды түзүү (имараттарды оңдоо жана тиешелүү жайларды куруу, транспорт менен камсыз кылуу, кеңсе жабдууларын жаңыртуу, санариптик трансформация үчүн IT-программаларды жакшыртуу, эмеректерди сатып алуу ж.б.);

– кварталдык жана үй комитеттери, ошондой эле ТСЖ үчүн бирдиктүү типтүү келишимдерди иштеп чыгуу.

Жогорудагы сунуштар Бишкек шаарынын мэриясына караштуу муниципалдык аймактык башкармалыктардын ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга, санариптик башкарууну өнүктүрүүгө, адам ресурстарын чыңдоого жана коомчулук менен өз ара аракеттенүүнү күчөтүүгө багытталган. Бул өз кезегинде муниципалдык башкаруунун сапатын жана коомчулуктун ишенимин жогорулатууга өбөлгө түзөт.

Колдонулган адабияттар

1. Постановление Бишкекского городского Кенеша от 17 мая 2011 года № 232 «О ходе выполнения постановления Бишкекского городского кенеша «О мерах по улучшению деятельности

муниципальных территориальных управ» от 20 февраля 2010 года № 151 и утверждение пакета нормативных правовых актов, направленных на дальнейшее улучшение деятельности муниципальных территориальных управ мэрии города Бишкек» (с изменениями и дополнениями по состоянию на 07.10.2025 г.).
2. «№ 402 муниципалдык аймактык башкармалык» муниципалдык мекемеси жөнүндө жобо.
3. Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы № 125 «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамы.
4. Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн 2024–2027-жылдарга карата программасы.
5. Кыргыз Республикасында ЖӨБдү өнүктүрүүнүн 2024–2027-жылдарга карата программасы: жоопкерчиликтүү жергиликтүү жамаат + натыйжалуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу = аймактарда жашоо үчүн мыкты шарттар // Муниципалитет: илимий-популярдык журнал. – 2024. – Март–апрель. – № 3–4.
6. 6. Две системы: МТУ в КР и Махалля в РУз. Каковы особенности и можно ли сгенерировать обе в Бишкеке? – URL: ИАЦ «Кабар» (дата обращения: 28.09.2026).Реформа в Бишкеке: вместо МТУ появятся городские управы. А что изменится для горожан? // Муниципалитет: научно-популярный журнал. – 2025. – № 7–8 (165–166). – 8 сентября.
7. Нурматова Г. А., Сейдашов Т. Т. Местное самоуправление и гражданское общество: основы взаимодействия // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. – 2020. – № 1–2 (101–102). – С. 122–128.

Рецензент: саясий илимдеринин кандидаты, доцент Нурматова Г.А.

УДК 339.9:338.45
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-439-446

Саякбаева А.А., Акылбекова Н.И., Цзи Хун, Ду Гуанюй, Чжан Сяоюй
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Саякбаева А.А., Акылбекова Н.И., Цзи Хун, Ду Гуанюй, Чжан Сяоюй
КНУ имени Жусупа Баласагына
Sayakbaeva A.A., Akylbekova N.I., Ji Hong, Du Guangyu, Zhang Xiaoyu
KNU Jusup Balasagyn

ГЛОБАЛДЫК ЭКОНОМИКАЛЫК ФАКТОРЛОРДУН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТЫШКЫ СООДАСЫНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ
ВЛИЯНИЕ ГЛОБАЛЬНЫХ ЭКОНОМИЧЕСКИХ ФАКТОРОВ НА ВНЕШНЮЮ ТОРГОВЛЮ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
THE INFLUENCE OF GLOBAL ECONOMIC FACTORS ON THE FOREIGN TRADE OF THE KYRGYZ REPUBLIC

Кыскача мүнөздөмө: Бул изилдөөдө дүйнөлүк экономикалык негизги факторлордун, анын ичинде товарларга болгон баалардын өзгөрүшүнүн, эл аралык суроо-талаптын өзгөрүшүнүн, валюталык туруксуздуктун, жеткирүү чынжырларындагы үзгүлтүктөрдүн жана аймактык соода келишимдеринин өлкөнүн экспорттук жана импорттук көрсөткүчтөрүнө тийгизген таасири изилденет. 2019-жылдан 2024-жылга чейинки соода маалыматтарын талдоо көрсөткөндөй, экспорттук кирешелерде жогорку нарктагы товарлар, айрыкча алтын, басымдуулук кылганы менен, айыл чарба продукциялары, жеңил өнөр жай жана салттуу кол өнөрчүлүк товарлары да сооданы диверсификациялоого олуттуу салым кошот. Изилдөөдө Кыргызстандын экономикасынын тышкы таасирлерге сезгичтиги белгиленип, ыңгайлашкан соода саясатынын, рынокторду